| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧУЙ ОБЛУСУ**<br>**СОКУЛУК РАЙОНУ**<br>**МАНАС**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**МАНАССКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ТОКТОМУ

**2026-жылдын “15” майы №9**

**Ак-Жол айылындагы «Ак-Барчын» бала бакчасына кошумча 2 тайпа ачуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде балдардын орун жетишсиздигин жоюу максатында, Ак-Жол айылындагы «Ак-Барчын» бала бакчасына кезекке турган балдардын саны көбөйгөндүгүнө байланыштуу Манас айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Ак-Жол айылындагы «Ак-Барчын» бала бакчасында балдардын санынын өсүшүнө жана кезектин көптүгүнө байланыштуу кошумча 2 (эки) тайпа ачууга уруксат берилсин.

2.Манас айыл өкмөтүнө:
- кошумча тайпаларды жайгаштыруу үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;
- штаттык бирдиктерди мыйзам чегинде кароо;
- зарыл болгон эмерек, жабдуу жана окуу-тарбия каражаттары менен камсыздоо;
- каржылоо маселесин тиешелүү бюджеттин эсебинен чечүү тапшырылсын.

3.«Ак-Барчын» бала бакчасынын жетекчилигине:
- кошумча тайпаларды уюштуруу иштерин жүргүзүү;
- балдарды кабыл алууну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүү милдеттендирилсин.

4.Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүү жооптуу катчы А.М.Исаковага милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучусу Т.А.Кулубековго жүктөлсүн.

**Төрайым** **Р.К.Момунова**